**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ АЙМАКТЫК МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖИ**

**«Каралды жана бекитилди»**
Пед. жана мет. кеңешменин
отурумунда
2025-жылдын 30.09
№ 1 протоколу

БЕКИТЕМ
ОАМКнын директору
Юлдашева С.Э.
________
«30» 09 2025-ж.

**Кызматкерлерди жумушка кабыл алуу**
**ЖОБОСУ**

**Ош – 2025/2026 жж.**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул жобо Ош аймактык медициналык колледжине окутуучуларды жумушка кабыл алуу тартибин, талаптарын жана тандоо жол-жоболорун аныктайт.

1.2. Окутуучуларды жумушка кабыл алуу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына, билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларына жана колледждин ички тартип эрежелерине ылайык жүргүзүлөт.

1.3. Ош аймактык медициналык колледжинин окутуучуларын жумушка кабыл алуу колледждин директорунун буйругунун негизинде жүргүзүлөт.

1.4. Окутуучуларды тандоо ачык конкурс, маектешүү же сынак сабагы аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн.

## 2. Кызматкерлерге коюлуучу талаптар

2.1. Тиешелүү адистик боюнча жогорку медициналык же педагогикалык билимге ээ болушу керек.

2.2. Медициналык билим берүү тармагында иш жүргүзүүгө керектүү кесиптик билимге жана көндүмдөргө ээ болушу зарыл.

2.3. Педагогикалык иш жүргүзүүгө тоскоолдук кылуучу соттуулугу болбошу керек.

2.4. Медициналык колледжде иштөөгө жарактуу экендигин тастыктаган медициналык маалымкатка ээ болушу керек.

2.5. Кесиптик тажрыйбасы жана окутуу методикасын билүүсү артыкчылык болуп эсептелет.

## 3. Жумушка кабыл алуу үчүн керектүү документтер

Жумушка кабыл алынуучу талапкер төмөнкү документтерди тапшырат:

- жеке арыз;
- резюме;
- өмүр баяны;
- өздүк баракчасы;
- өздүк карточкасы;
- диплом жана дипломдун тиркемесинин көчүрмөсү (нотаруис аркылуу тастыкталган);
- паспорттун көчүрмөсү;
- эмгек китепчеси;
- медициналык китепчеси;
- сүрөт (3х4 өлчөмүндө);
- квалификацияны жогорулатуу боюнча сертификаттардын көчүрмөсү (бар болсо);
- соттолбогондугу тууралуу маалымкат;
- наркологиялык эсепте турбагандыгы жөнүндө маалымкат;
- психиатриялык диспансердик эсепте турбагандыгы жөнүндө маалымкат;

## 4. Тандоо жана кабыл алуу тартиби

4.1. Колледжде бош орун пайда болгон учурда жетекчилик талапкерлерди тандоо процессин уюштурат.

4.2. Талапкерлер менен маектешүү өткөрүлөт.

4.3. Зарыл болгон учурда талапкер тарабынан сынак сабагы же практикалык сабак көрсөтүлөт.

4.4. Тандоо комиссиясы талапкердин билимин, эмгек стажын, тажрыйбасын жана кесиптик даярдыгын баалайт.
4.5. Комиссиянын сунушунун негизинде колледждин директору жумушка кабыл алуу жөнүндө чечим кабыл алат.
4.6. Талапкер менен эмгек келишими түзүлүп, тиешелүү буйрук чыгарылат.

**5. Окутуучунун милдеттери**

5.1. Билим берүү стандарттарына ылайык сабактарды өткөрүү.
5.2. Студенттердин билим деңгээлин жогорулатуу жана алардын кесиптик даярдыгына жоопкерчилик менен мамиле кылуу.
5.3. Колледждин ички тартип эрежелерин сактоо.
5.4. Окутуу процессинде заманбап методдорду жана технологияларды колдонуу.
5.5. Сабактарды окуу методикалык комплекси менен камсыздоо.
5.6. Эмгек келишиминдеги милденттенмелерин аткаруу.

**6. Жобонун күчүнө кириши**

6.1. Бул жобо медициналык колледждин директорунун буйругу менен бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6.2. Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор колледждин жетекчилигинин чечими менен киргизилиши мүмкүн.

Директор: С.Э. Юлдашева

Кадрлар бөлүмүнүн башчысы: Т.Ы. Төрөбекова